*Буш Афганистандагы мусулмандарга каршы чабуулун аяктагандан кийин Пакистан жетекчиси Первез Мушарраф менен тил бириктирип, мусулман Кашмир жамааттарына каршы*

# ЭКИНЧИ КРЕСТТҮҮЛҮК ЧАБУУЛУН

*баштоодо*

Буш Афганистандагы мусулмандарга каршы чабуулун аяктагандан кийин Пакистан жетекчиси Первез Мушарраф менен тил бириктирип, мусулман Кашмир жамааттарына каршы экинчи кресттүүлүк чабуулун баштоодо

---

**ХИЗБУТ-ТАХРИР**
6-зулкаъда 1422-хижрий/19-январь 2002-миладий жыл

بسم الله الرحمن الرحيم

Америка президенти Буш Афганистандагы мусулмандарга каршы согушун аяктагандан кийин же аяктар алдында Ирак жана Сомалидеги мусулмандарга каршы экинчи кресттүүлүк согушун башташы ыктымалы бар эле. Ал айрыкча бир нече орундарда терроризм аттуу нерсеге каршы согуш мындан кийин да «улантылат, балким бир нече жылдарга созулуп, аскердик, финансылык, саясий, дипломатиялык жолдорду, разведканы (чалгындоону) жана алардан башка жактарды да өз ичине алат», - деп баса белгилеген эле. Бирок Америка малайы Мушаррафтын 2002-жылы 12-январда сүйлөгөн сөзүндө мусулман Кашмир жамааттарына катуу чабуул жасоосу; 2001-жылы 13-декабрда Индия парламентине болгон чабуул окуясынан мурда жана кийин уюштурган куугунтугу; Индиянын кең аракеттери жана индия жооптууларынын ушул жамааттарга каршы берген коркутуп-үркүткөн билдирүүлөрү, жалпы сапарбарлык жарыя кылып, улуттук кошуунду Пакистан чегаралары айланасына ташташы жана кыргындуу согуш менен кооп туудуруулары – булардын баары Афганистандагы биринчи согуш аякташына жакын калгандыгы себептүү, президент Буштун – кыянатчы Мушарраф менен тил бириктирип – Кашмирдин мусулман жамааттарына каршы экинчи кресттүүлүк согушун баштоону пландаштырып жатканын көрсөтөт.

2002-жылдын 12-январында Мушарраф бир сааттан ашык сөз сүйлөп, анда Американын жаңы чабуулун ачыктан-ачык колдоп-кубатташын жана Индиянын мусулман Кашмир жаматтарына каршы күрөшүүсүн, Америкача баяндалып жаткан «терроризм»ге каршы күрөшкө тиешелүү кээ бир талаптарын кабыл алгандыгын жарыя кылды. Анын бул сөзү ушул жамааттар, Пакистан калкы жана чет элдеги мусулмандар тарабынан кескин сынга алынып, катуу наразылыкка учурады, ал эми мусулмандар душманы болгон Америка, Британия, жалпысынан Батыш тарабынан о.э. Индия жетекчилери тарабынан т.а. «Биз сөздөр иштер менен тастыкталышын күтүп жатабыз» деген индиялыктар тарабынан мактоо жана алкыштарга ээ болду.

Бул сөздү түшүнүү үчүн – Американын жаңы чабуулуна Мушарафтын макулдугу мусулмандарга каршы коркунучтуу позицияны кармганына далалат кыларына киришүүдөн мурун – Индияда болгон окуяларды билүү жана Мушаррафты сүйлөөгө үндөгөн шарттарды түшүнүү, айрыкча Америка жана Британиянын активдүү ролун этибарга алуу менен ал эки мамлекеттин позициясын билүү зарыл болот.

Индияда болуп өткөн окуялар – индустардын чечмелеши боюнча – Индия парламентине болгон чабуул 2001-жылы 13-декабрь күнү болгон жана анда 14 адам өлгөн, алардын катарында чабуул кылгандардын өздөрү да болгон, ондогон адамдар жаракаттанган. Ошол күндүн өзүндө

эле Индия министрлер кеңеши билдирүү берип, төмөндөгүлөрдү келтирди: «Террористтерди жана алардын артында тургандарды табылган жеринде жана бардык ыкмаларды ишке салып жоготуу керек». 14-декабрь күнү т.а. окуянын эртеси, али изилдөө иштери аяктабастан туруп, Индия жооптуу адамдары «Кашмир жамааттары жана Пакистан разведкасы окуя артында турган» деп айыптады. Индия ички иштер министри (азыркы премьер-министр Важпаинин орун басарлыгына талапкер) Адвани: «Индияга терроризмди жайып жаткан тарап – бул коңшу мамлекет», деди. Тышкы иштер министри Сингх болсо: «Пакистанда жайгашкан Лашкари Тойийба мына ушул чабуулга жоопкер» деп, Пакистандан: «Ошол жамаатка жана Жайши Мухаммад аттуу башка жамаатка каршы жаза-чараларды колдонуп, алардын жетекчилерин камакка алууну жана банктардагы каражаттарын тоңдурууну» талап кылды. Кийин Индия, бул окуялардан мурда эле келишип алгандай, белгилүү бир позицияда туруп алды. Адвани: «Бейшемби күнкү чабуул бизди адаттан тышкары катуу сокку берүүгө үндөөдө… бул Пакистан Индия ичкерисиндеги терроризмге демөөрчүлүк кылып келе жаткан жыйырма жылдан берки чабуулдардын эң коркунучтуусу… анын максаты мамлекеттин эң жогорку мансаптагы жетекчилерин жок кылуу», - деди. Важпаинин «Бхаратия жаната» партиясы андан Пакистанда террористтер даярдыктан өтө турган аскердик лагерлерге каршы тездик менен күчтүү позицияны ээлөөнү талап кылды. Партия жетекчилери Важпаиге Индия Кашмирдеги терроризмди омкоруп таштай турган эл аралык союзду пайда кылуу үчүн башка мамлекеттер менен сүйлөшүүгө киришиши керектигин уктурду. Парламенттеги партия мүчөлөрүнүн бири: «Америка Афганистанда терроризмди куугунтуктаганы сыяктуу, биз да Индияга чабуул кыла турган террористик борборлорду жоготушубуз керек… Биз Американы Талибанга каршы колдоп-кубаттадык, азыр болсо ушундай мамилени биз андан күтөбүз», - деди. Кийин Важпаи индустардын туйгуларын Кашмир жаматтары менен Пакистанга каршы тукура турган сөз сүйлөп, массалык райды жүз бериши мүмкүн болгон кең түстөгү согушка даярдады. Индия 1971-жылдагы Бангладеш согушунан бери биринчи жолу жалпы сапарбарлык жарыя кылды, аскердик күчтөрүн Пакистан чегаралары айланасына топтоду жана Исламабаддагы өкүлканасы кызматчыларынын жарымын, алардын катарында элчини да чакырып алды. О.э. Пакистан самолётторунун анын аба жолдорунан өтүшүнө тыюу салды, мамлекеттер арасындагы кургактык жолдорун бекитти. Индия Пакистандан ушул талаптарга олуттуу жандашууну талап кылып, антпесе катуу чара көрөбүз деп коркутту. Чаралар катарына төмөндөгү төрт талап киргизилди:

1. Жыйырма террористти Индияга экстрадиция кылуу (тапшыруу) – алардын айрымдарына он жылдар мурда кылынган кылмыштар айыбы жүктөлгөн;
2. Даярдыктан өтүү лагерлерин жабуу жана Пакистандагы террористтерди бардык жардамдар – каражат жана курал менен камсыздоону токтотуу;
3. Индиянын Кашмир жана башка вилаяттарына Пакистандан курал жана адамдар кирип келишине чек коюу;
4. Ар кандай террорду катуу каралоо жана табылган жеринен жоготуу.

Ошентип Индия, эгер Пакистан анын ушул кордоочу талаптарын кабыл албаса, анда кеңири камтуучу согуш баштайбыз деп коркутту. Индиянын позициясы ушундай болду. Бул позиция каршысында Мушаррафка – Пакистан калкын ыраазы кылуу үчүн – төмөнкүдөй чара көрүүдөн башка жол калбады. Ал Пакистан калкына кайрылып, эгер Индия чабуул кылып калса согушка даяр турууну талап кылды, аскердик бөлүктөрдү Индия чегаралары айланасына багыттандырды жана Делидеги дипломатиялык өкүлкана кызматчыларынын жарымын чакырып алды. Кийин чегаранын эки тарабынан ок атылды, чегара региондордон он миңдеген адамдар ичкериге көчүрүлдү т.а. эки тарап тең кудум кеңири камтуучу согуш баштоо алдында тургандай көрүнүп калды.

Булар Индиянын Америка көрсөтмөсү менен – Мушарраф Пакистан калкы колдоп-кубаттап жаткан Кашмир калкына каршы Америка менен экинчи кресттүүлүк согушун баштоого жол табышы үчүн – даярдаган абал эле.

Индиянын ушул аракеттери жөнөкөй шарт жана абалдарда болушу мүмкүн эмес эле, анткени, Америка өз малайы жана союздашы – кече эле Афганистанга кашы согушунда талап кылынган бардык мүмкүнчүлүктөрдү жаратып берген, анын пайдалары жолунда өз өмүрүн кооп-коркунуч астына койгон, балким али акырына чейин пайдаланып бүтө элек Мушаррафты – бирөөнүн опуза кылышына карап турмак эмес. Эгер Индиянын коркутуулары олуттуу болгондо барбы, Америка ошол замат өз малайы анын коргоосунда турганын көрсөтүп коймок.

Эки мамлекет жетекчисинин Америкага малайлыгы, куралдуу аракеттерге, айрыкча терроризмге каршы күрөш ураанын астында Исламий кыймылдарга каршы душмандык чөйрөнү жүзөгө келтирүүдө, ушул иштерди аягына жеткирүүдө жана терроризмге каршы согуш шылтоосу менен Афганистанда алып барган согушунда, Америка эч бир маанилүү каршылыксыз, эл аралык коомчулук райын калыптандырууда ийгиликке жетишти. Бул нерсе аны мусулмандарга каршы кресттүүлүк согушун улантууга багыттандырды. Америка Индиянын ушул үлкөн манёврларына жакшы көз менен карады, анткени алар аркылуу Мушарраф экинчи

кресттүүлүк согушуна киришүүсү жана мусулман жамааттарын аягына жеткирүүсү үчүн күчтүү негиз пайда болду.

Пакистан Индиянын доолорун өз кезегинде четке какканына карабастан жана али Индия өз доолорун тастыктоочу далилдерди келтирбестен туруп, Мушарраф Индиянын кээ бир талаптарын, ал тургай күзөтүүчүлөрдү да таң калтырып, өтө тездик менен шерменделерче кабыл кылды. Кашмир кыймылдарын куугунтукка алып, алардын мекемелерин бекитти, алардын издештерин да куугунтуктап, каражаттарын конфискация кыла баштады. Мушарраф 2001-жылы 30-декабрда мамлекеттик саясий жетекчилер менен узундан-узун жыйын өткөрүп, андан кийин: «Мен согушкер кыймылдарды, экстремизм жана келишпөөчүлүк тамырларын Пакистан коомунан курутмакчымын… Мен Пакистан топурагынан терроризмдин ар кандай көрүнүшүн жоготмокчумун», - деди. Кийин Пакистан жетекчилиги анын буйругу астында Лашкари Тоййиба жетекчиси мавлана Азхар Масъуд жана Жайши Мухаммад жетекчиси Хафиз Мухаммад Саиддерди камакка алды, уюмдардын каражаттарын тоңдурду жана Пакистан бойлоп алардын ондогон издештерин куугунтуктап, абакка алды. Негизи, бул эки кыймыл Индия парламентиндеги окуяларга байланышы жок экендигин билдиришкен. Пакистандык жооптуу: «Лашкари Тоййиба жана Жайши Мухаммад жетекчилерин камакка алуу жана алардын мекемелерин бекитүү мамлекеттин аскердик жетекчилиги Пакистан аймагына согушкер диний кыймылдар аракетин токтотууга toктом кабыл алгандан кийин ишке ашты… Аскердик жетекчилик 2001-жылы 24-декабрь күнү жыйылып, ушул уюмдарды түгөтүү улуттук коопсуздук максаттарынын бири деп жарыя кылган», - деди.

Америка болсо биринчи күндөн тартып эле, али эч кандай текшерүү аягына жетпей туруп, эч бир экиленүүсүз ачык-айкын Индия тарабында турду. Америка позициясы ушундай болду. Буш администрациясы Мушарраф мойнуна Исламий кыймылдарга ачык сокку берип, аларга тездик менен чабуул кылууну милдет кылып жүктөдү, ага басым өткөрдү. Бул иш кудум парламент окуясынан мурда пландаштырылгандай жана келишип алынгандай болду. Муну Индия ички иштер министри Адвани ачып таштады, Америка мамлекеттик катчысынын атынан сүйлөөчү Баучер аны тастыктады.

Ак үй сүйлөөчүсү Ари Флейшер 2001-жылы 17-декабрь күнү: «Индиянын өзүн коргоо үчүн мыйзамдуу укугу бар. Кошмо штаттар Индияга өз жардамын сунуш кылды, бул сунуш али да күчүндө», деди жана эртеси 18-декабрь күнү: «Терроризмге каршы бүткүл дүйнөлүк күрөш жүрүп жаткан бир учурда, президент Буш бул аракетти колдоп-кубаттап жаткандарды Индияга жардам берүүгө үндөөдө. Анчадан бери Индия каршысында ушул проблема бар… Президент ачыктан-ачык айтты

жана мамлекет катчысы Пауэлл да Мушаррафка ушуну жеткирди, азыркы эң маанилүү маселе – Пакистан фундаменталисттерди жанчып ташташы керек… Дал ушул убакыт, регионду туруксуздук баткагына сүйрөп бараткан террористтерге каршы аракет алып барууда Пакистан жана Индия үчүн эң ылайыктуу убакыт… Алардын террористтерге күрөшүүсүнө жалпы себептер бар. Президент Буш бул себептер Индия жана Пакистанды бири-бирине каршы согушка эмес, балким терроризмге каршы согушка киришүүгө үндөшү керек деп билет», - деди. Буш 21-декабрь күнү билдирүү берип, мындай деди: «Лашкари Тойййиба терроризмдин башчысы… ал Индия аскерлери жана жарандарынан турган буталарга каршы аракет алып барган. Ошондуктан, мен анын каражаттары тоңдурулганын жарыя кыламын… о.э. президент Мушаррафты Лашкари Тойййиба, Жайши Мухаммад жана башка террористик уюмдарга, алардын жетекчилерине, каражаттары жана аракеттерине каршы катуу чара көрүүгө чакырамын … Президент Мушарраф мага айтты, ал чабуул кылгандарга каршы аракет кылат. Жана бул иш-чарада ал биздин толук колдоп-кубаттообузга ээ болот». 31-декабрь күнү президент Буш: «Президент Мушаррафтан Индия парламентине бомба таштаган же ал жерге чабуул кылган террористтик тармакты жанчып таштоо үчүн мүмкүнчүлүгүндөгү бардык ыкмаларды ишке салышын талап кылдым… Индия премьер-министрине, анын кыжырлануусун түшүнсөк да, согуш болбошунан үмүттөнүп жатканымды түшүндүрдүм… Андан террористтерди адилеттүү сотко тартуу үчүн президент Мушаррафка жана бизге убакыт беришин талап кылдым… ага муну түшүндүрдүм… Жайши Мухаммад жетекчиси камакка алынгандан кийин мына бүгүн Лашкари Тойййибанын жетекчиси да камакка алынды. Т.а. Мушарраф террористтерди жанчып таштоодо жана мен анын бул аракетин алкыштаймын. Террор бул террор, Пакистан президентинин террористтерди куугунтуктоосунда жакшы белгилер бар», - деди. Пауэлл Индия ички иштери министри менен 2002-жылы 9-январда өткөргөн басма сөз конференциясында: «Мен ички иштер министрине, кудум президент премьер-министрге жана мен тышкы иштер министрине мурунураак айтканыбыздай, бул күрөш терроризмдин бардык көрүнүштөрүнө каршы экендигин айттым. Бул Америка жана анын президенти бардык күч-кайраттарын ишке сала турган күрөш жана биз досторубуз менен бул апаатты жер жүзүнөн жоготуу жана анын кооп-коркунучунан кутулуу үчүн иш алып барабыз», - деди. Адвани да ошол конференциянын өзүндө: «Мен бүгүн Эшкрофт мырза, Пауэлл мырза жана Ричард Хаас мырзалар менен алып барган талкууларым өтө пайдалуу жана ийгиликтүү болду. О.э. бул жолугушуулар биздин биргеликте терроризмди бүткүл дүйнөдөн жок кылып таштоого кудуреттүүлүгүбүзгө ишенич пайда кылды», - деди. Мына ушул эң жогорку мансаптагы

жооптуулар тили менен ачыктан-ачык тан алынган, Американын Индия тарабына өтүп алып, мусулмандарга, Пакистан калкына жана Кашмирдеги Исламий жамааттарга каршы душмандарча өңүт ээлеп, Индия жана Пакистандагы бардык малайларды колдоп-кубатташы болуп саналат.

Индия ички иштер министри Адвани Американын ушул чабуулу парламент окуясынан мурда ойлоп коюлгандыгын ачып таштады, анткени 2001-жылы 24-октябрда «Американын Талибанга каршы алып барган согушу эл аралык терроризмге каршы күрөштүн биринчи баскычы… Күрөштүн экинчи баскычында болсо алар (американдыктар) бизди Кашмирдеги терроризмге каршы күрөшүбүздө колдоп-кубаттоону убада кылды», - деген. Муну Америка мамлекеттик катчы кеңсесинин сүйлөөчүсү Баучер 2002-жылы 4-январдагы басма сөз конференциясында баса белгилеп мындай деди: «Эң биринчиден, биз президент Мушарраф тарабынан терроризмге каршы аракет кылууну түшүндүрө турган ачык билдирүүлөр берилгендигин көрдүк. Ал зордук-зомбулукка катышып жаткандардын финансылык каражаттары жана негиздерине каршы аракет кылмакчы. Бул 11-сентябрдан кийин аны менен болуп жаткан талкуулар темасы. Ал биз менен, биз болсо аны менен талкуу кылып жаткан тема. Өткөн октябрда мамлекеттик катчы Пауэлл өз сапары учурунда да ушул теманы талкуулашты. Экинчиден, ал берген билдирүүлөрүнүн артынан анык амалий иштер кылды… Биз бул амалий иштерди көрдүк. Биз согушкер топторго каршы мындай амалий иштерди улантууга үмүт кылабыз. Биздин пикирибизче, ал (Мушарраф) 11-сентябрдан кийин терроризм жана зордукчулукка каршы аракет кылуу боюнча стратегиялык токтом кабыл алган. О.э. ал Пакистанды мээлүүн багыт боюнча алып баруу үчүн да стратегиялык токтом кабыл алган…».

Ал эми, америкалыктар айтып жаткандай, өзүн бир четте туруп кудум согушту басуу милдетин аткарып жаткандай кылып көрсөтүшү болсо, көзгө чөп салуу жана адаштыруудан башка нерсе эмес. Себеби, эки тарапты тең аракетке келтирип жаткан алардын өзү. Алардын чыныгы ролу максатка карай ийгиликтүү багыттануу үчүн милдеттерди бөлүштүрүү жана ылайыкташтыруудан турат. Алар, Афганистанга каршы уюштурулган биринчи кресттүүлүк согушундагы сыяктуу, Ислам дүйнөсүн козгоп жиберүүдөн өтө этият болууда жана өзүн фитналарды жүзөгө келтирүүчү эмес, балким, алардын сөзү менен айтканда, судьялык жана согушту басуучу кылып көрсөтүүгө урунууда. Карама-каршылык башталган биринчи күндөн тартып эле «кымбат баалуу малайлар» арасында кеңири камтуучу согуш болбошуна алар ишенген. Аскердик көз караштан алганда, болушу мүмкүн болгон эң жаман абал келерки феврал айында – шайлоо алдындагы айда – үч тарап арасында келишилген белгилүү кагылышууларда болот, Важпаи жеңүүчү болот, жеңилген болсо, келишилген черагалар ичинде, Мушарраф болот. Максат, түндүктө

жайгашкан эң маанилүү Атар Брадиш штаты жана дагы үч штатта Важпаинин Бхаратия Жаната партиясы үчүн мүмкүн болушунча эң көп добуш топтоого мүмкүнчүлүк жаратылып, ал шайлоолордо жеңишке жетишсин. Дал ушундай абал мурун да жүз берген – Бхаратия Жаната партиясы Бабурий мечитин ойрон кылдырып, индустар көз алдында өз рейтингин көтөрдү жана бийликти ээлеп келген Улуттук конгресс партиясы үстүнөн жеңишке жетишип, Индиядагы бийликти колго алды.

Британия ээлеген позицияга келсек, ал чоң-кичине дебей бардык нерселерде Америка карманган позицияга дал келет т.а. ал Индияны толук кубаттап, Мушаррафты тездик менен Кашмирдеги Исламий кыймылдардын тамырын курутууга үндөдү. Анткени, Блэр Важпаи менен биргеликте 2002-жылы 6-январда Нью-Делиде уюштурган басма-сөз конференциясында: «… мен премьер-министрге ушуну айттым… Индия парламентине уюштурулган чабуул мен үчүн Вестминстердеги парламентке чабуул уюштурууга барабар», - деди. О.э. 2002-жылы 5-январь күнү Бангалордо Индия өнөр жай уюму алдында сүйлөгөн сөзүндө ал: «… мен Индиядагы акыркы террористик чабуулдар каршысында силер менен толук тилектеш экендигимди билдиремин … 13-декабрь күнү Индия парламентине жана 1-октябрь күнү Жамму жана Кашмир кеңешине каршы кылынган чабуулдар – фанаттардын бир эле силерге эмес – балким бүткүл дүйнө демократиясына, кала берсе, маданийлешкен мамлекеттердин баалуулуктарына салып жаткан коркунучтун көлөмүн көрсөтүп турат… Мен силердин парламентиңерге болгон чабуулга мен өзүм отурган парламентке каршы кылынган чабуулду кандай жаман көрсөм, дал ошондой назар менен караймын», - деди. Ал Важпаи менен биргеликте 2002-жылы 6-январь күнү Дели декларациясын сунуштоодо мындай деди: «… биз терроризмди актоого урунуп жаткандардын далилин четке кагабыз. Терроризм бүтүндөй караланып, каерде болсо ошол жерден тамыры менен омкоруп ташталышы керек». Ал жана Важпаи кол койгон декларацияда Мушаррафтын Кашмирдеги мусулмандарды «азаттык үчүн күрөшүүчүлөр» деп сыпатташына каршылык билдирилген. Демек, Британия туткан позиция бул жолу да, дал Афганистандагы мусулмандарга каршы уюштурулган биринчи кресттүүлүк согушундагы сыяктуу, Америка позициясы менен толук үндөш.

Жогорудагылар Мушаррафтын 2002-жылы 12-январдагы сөзүнөн мурдагы шарт жана абалдар болуп, саткын Мушаррафтын Америка уюштуруп жаткан кресттүүлүк чабуулдары менен бирге жүрүшү анын – Кашмирдеги мусулман жамааттарына, Пакистан калкына жана Исламий Үммөткө каршы – кыянаты канчалык коркунучтуу экендигине айкындык киргизет. Ал Америка ишке ашырмакчы болуп жаткан экинчи кресттүүлүк согушунда уулуу найзанын учу болууга - кече эле тажик жана өзбектерден турган Түндүк альянс Афганистандагы биринчи кресттүүлүк

согушунда ыраазы болгону сыяктуу – ыраазылык билдирди. Мушарафтын кресттүүлүк согушунда карманган малайлык позициясын көрсөтүүчү кылмыштары керегинен ашыкча кездешет, бирок, анын шумдуктуу сөзү алардан да ашып түштү. Азыркы учурда болуп жаткан жашыруун иштерди билүү үчүн астыдагы нерселерди жакшы түшүнүү керек болот.

Мушарраф өз сөзүн адамдарды көзгө илбей, калп айтуу менен баштады: «Бийликти ээлеген күндөн баштап мен коомду экстермизм, зордукчулук жана терроризмден арылтуу о.э. Ислам динин чыныгы көрүнүштө көрсөтүү үчүн күрөш алып бардым» деп, 1999-жылы 17-октябрдагы биринчи сөзүнүн бир бөлүгүн бузуп келтирип: «Ислам бизге фанаттыкты эмес, толеранттуулукту, душмандыкты эмес, дүйнөлүк бир туугандыкты, зордукчулукту эмес, тынчтыкты таалим берет», - деди жана 2000-2001-жылдары сүйлөгөн сөздөрүн, катышкан конференция жана жолугушууларындагы сөздөрүн далил катары келтирди. Ал узундан-узун сөзүнүн акырын «Бул чаралар биз бийликти кабыл алган күндөн баштап уланып келе жатат. Мен ушул иштерди силерге деталдары менен түшүндүрүшүмдүн себеби мындайча, биз экстремизмге каршы биринчи күндөн баштаган күрөшүбүз мекен кызыкчылыктарына толук дал келет. Биз бул ишти бирөөлөр тарабынан берилген кеңеш жана өткөрүлүп жаткан басым себептүү эмес, балким өз улуттук кызыкчылыктарыбызды көздөп ишке ашыруудабыз. Биз коомду экстремизмден куткаруу үчүн биринчи күндөн эле аң-сезимдүү түрдө ушул багытта аракет кылып келдик», - деп жыйынтыктады.

Мындай калп айтуудан Мушаррафтын көздөгөн максаты – мусулман Кашмир жамааттарына же жалпысынан Исламий жаматтарга каршы иш-чаралар Американын басымы же индустардын талабы астында эместигин көрсөтүп – адамдарды адаштыруу эле. Ал Американын кресттүүлүк согушунда ага баш ийүү, индустар алга сүрүп жаткан талаптарга корлорчо моюн сунуу кыянаттарынан өзүн таза кылып көрсөтүүгө урунуп көрдү.

Американын индиялыктар пайдасы жана өз пайдасы үчүн койгон талаптарына Мушарраф корлорчо моюн сунду. Муну Пакистан калкы жана мамлекет саясий турмушун чет элден туруп күзөтүп жаткандардын баары ачык айкын билип турат. Ошондуктан, жалгыз Пакистан жетекчисинин бардыгы билип турган нерсени билмексендикке салышы маскарапоздук жана адамдарды акмак эсептөөдөн башка нерсе эмес. Биздин ага эскертерибиз, кече эле ал «Америка атамасындагы терроризм Пакистанда жок, Кашмирдеги жамааттар террорист эмес, балким азаттык үчүн күрөшүүчү топтор» деген эле. «Бул туурасында ишара кылынган зордукчулук бар-жогу шиалар жана суннийлер арасындагы келишпөөчүлүк болуп, Америка түшүндүргөн терроризмге таптакыр алакасы жок» деген да анын өзү эле. 2001-жылы 30-сентябрь күнү ал CNN

кабарчысы менен болгон маегинде: «Пакистанда террористтик жамаат жок, «Харакат ул-мужахидийн» болсо Индияга караштуу Кашмир аймагында аракет алып барат», - деди. Андан мурунураак, 2000-жылы 1-июнда болсо, CNN кабарчысына ал: «…Биринчиден, сиз «терроризм» сөзүн иштеттиңиз. Мен бул пикирге кошула албаймын, анткери бул жерде терроризм жок, ал жерде азаттык үчүн күрөш бар. Бул Индия көзөмөлү астындагы Кашмирде адам укуктары тебеленип-тепселениши проблемасы. Мына ушул проблема бизди тынчсыздандырууда», - деген эле. 2001-жылы 16-май күнү «Гардиан» гезитинин кабарчысына ал мындай деген эле: «Эгер жер жүзүндө болуп жаткан азаттык үчүн күрөштөргө назар таштасак, эч бир күрөш колдоп-кубаттоосуз он жылдап улантылышы мүмкүн эместигин көрөбүз. Мына мисалы Ирландияны алайлы – ал жерде эл аралык колдоп-кубаттоо бар экендиги анык. Ал жердеги күрөштү Америкадагы адамдар, бүткүл жер жүзүндөгү адамдар колдоп-кубатттайт… Азаттык үчүн күрөш бар болгон соң, албетте сырткарыдан аны колдоп-кубаттоочу күч болот. Кашмирдеги абал да кудум ушул сыяктуу, ал жерде азаттык үчүн күрөш жүрүп жатат. Анын жери тартышууларга себеп болгону БУУ тарабынан да тан алынган. Ал жерде, мына ондогон жылдар болду, азаттык үчүн күрөш улантылууда, бул доор ичинде 75.000ден ашык адам өлдү – алар өз жанын азаттык үчүн курман кылды». Жана 25-чи Улуттук жол конференциясындагы сөзүндө ал: «Кашмирде улантылып жаткан согуш – ал азаттык үчүн күрөш. Биз ал жердегилерди дипломатиялык жардам менен ар дайым камсыздайбыз. Биз өз үйүнөн көчүрүп жиберилген жана Пакистанга качкын катары келип жаткандардын оорун жеңил кылуу үчүн, аларга каражаттар жыйып беребиз», - деген эле. О.э. 2001-жылы 11-ноябрь күнү БУУ кеңешинде сүйлөгөн сөзүндө ал: «Дүйнө өз азаттыгы үчүн күрөшүп жаткан жана мамлекет тарабынан терроризмге дуушар болуп жаткан калктардын укуктарын, каалоолору жана туйгуларын тебелебеши керек», - деди. Ал 1999-жылы 17-октябрь күнү сунуш кылган биринчи сөзүндө: «Биз Кашмирдеги боордошторубуз өз тагдырын өзү чечүү үчүн алып барып жаткан күрөшүндө аларга моралдык, саясий жана дипломатиялык жардам берүүнү улантабыз», - деген эле. Жана 2001-жылы 3-ноябрда BBC кабарчысы менен болгон жолугушуусунда ал: «Ал жерде (Кашмирде) азаттык үчүн күрөш жүрүп жатат, бүгүнкү күнгө келип жетимиш миңден ашык адам өлтүрүлдү. Ал жерде мамлекеттик терроризм бар. Ал эми азаттык үчүн күрөштү террор деп атоо туура эмес…», - деген эле. Тема кашмирликтерди террорист деп атоого өзгөргөндө, ал: «Албетте, бул ачык-айкын тартышууга үндөөчү кеп болуп, Пакистан мындай позицияны эч качан кабыл кылбайт», - деген эле.

Жогорудагылар Пакистан жетекчисинин жалганчылыгы жана кыянатчылыгын далилдеп, анын туткан туруму баштан-аяк өзгөрүп

кеткендигин көрсөтүүдө. Буга Абу Хурайра ﷺнун рыбаяты дал келет: Расулулла ﷺ айтты: «**Үч тайпа адам бар, Расулулла кыямат күнү аларга сүйлөбөйт да, карабайт да, аруулабайт да – аларга ачуу азап бар. Алар: зынакер карыя, жалганчы падыша жана текебер кембагал**». Хадистеги падыша дегени – бул бийликтеги адам.

Пакистан жетекчисинин абалы ушундай болгон соң, ал ишке ашырып жаткан иш-чаралар «бирөөлөр тарабынан өткөрүлгөн басым же берилген кеңеш себептүү эмес»тигине кантип ишенебиз. Буш жана Пауэлл о.э. индустар дээрлик күн сайын аны менен байланып, кашмирлик мусулмандарга сокку берүүнү, аларды куугунтуктап, каражаттарын тоңдурууну талап кылса, ал болсо мусулмандар душмандарынын талабын жүзөгө чыгарса, анын сөздөрүнө ким ишенип, ким анын аракеттерин колдоп-кубаттабайт?! Америка менен тил бириктирип, Афганистан мусулмандары үстүнөн бомбалар жаадырып миңдеген мусулмандардын канын төктү, ал жерде өкүмдарлыгын орнотуп, өзүн иштер тизгинин колго алган токтом борбору кылуу үчүн союз түздү – булардын баарын Мушарраф «Пакистан улуттук кызыкчылыктарына дал келет» деди. Деги ушул сөздү сиңире турган – Пакистанда же анын сырткарысында болобу – бирер мусулман барбы өзү?! Мушарраф: «Ушул саясий реформалар жараяны 11-сентябрь окуяларынан мурда ишке ашырылып жаткан эле. Ошол террористтик чабуул көз ирмемде дүйнөнү өзгөртүп жиберди. Биз терроризмге каршы түзүлгөн эл аралык союз сабында болууга токтом кылдык… Бул токтом биздин көз карашыбызга жана улуттук кызыкчылыктарыбызга дал келет», - деди. Бирер бир мусулман ушул чыккынчы малайдын: «Биздин токтомубуз абдан туура… ал Пакистан улуттук кызыкчылыктарына ылайык… жакшылык токтому» деген сөздөрүн кабыл кылабы?! Пакистан калкы Афганистан мусулмандарына бастырып кирген биринчи кресттүүлүк чабуулуна каршы турат, ошондой болгон соң, бирер мусулман ушул саткындын токтомуна ыраазылык билдиреби?! Жок, миң бир эки жолу жок!.. Болгону, булар Ак үй жетекчисинин таягына карап ар түрдүү түскө кубулган ушул каззоб падышанын гана сөздөрү. Ал батылга ушунчалык эт-бетинен кетти дейсиң, ал тургай токтомуна каршы чыккандарга наалып: «Кээ бир экстремист диний хизб жана жаматтар бул токтомго каршы чыкканы мени катуу капа кылды», - дешке батынды.

Мушарраф өз сөзүндө Пакистанды алдыңкы мамлекет кылуу ниетинде экендигин билдирип, мындай деди: «Биз Пакистан диний мамлекет бойдон калып кетишин каалайбызбы? Жалгыз диний таалиматтын өзү башкаруу үчүн жетиштүүбү? Же биз Пакистанды алдыңкы, тездик менен өнүгүп жаткан жыргалчылыктуу Исламий мамлекет болушун каалайбызбы? Көпчүлүктүн пикири алдыңкы Исламий мамлекет болууну кубаттайт». Буга жооп катары биз мындай дейбиз: Жалгыз Ислам гана мукаммал түзүм болуп, бардык заман жана бардык мекендин

проблемаларын чечүүгө эң ылайыктуу түзүм. Ислам он эки кылым бою адилеттүү жана ийгиликтүү башкарып келди. Ислам – бул Ислам, ал диний же алдыңкы илманий (светский) башкаруу деп сыпатталууга муктаж эмес, себеби, бул экөөсү тең Исламий дүйнө карашка тескери болгон Батыш түшүнүктөрү. Биз Пакистан Исламий мамлекети бир гана Алланын Китеби жана расулунун сүннөтү менен башкарылышын каалайбыз. Биз Батыштын конституция жана мыйзамдарын катуу четке кагабыз, илим жана технология мындан сырткары.

Мушарраф Пакистанды азыркы Түркияга окшотмокчу болуп, мамлекет багытын түптөн илманийликке өзгөртүүдө. Анткени, ал Карачидеги Авлия Патрик жогорку окуу жайын, Лахордогу Формэн христиан коллежин жана Англиядагы дагы бир окуу жайын бүтүргөн, Батыш дүйнө карашы жана маданиятына  ашык-кул болгон динсиз. Батыш массалык маалымат каражаттары аны заманбап адам деп сыпаттайт. Аны фитначы жана кыянатчы, Англия менен тил бириктирген, Исламий үммөт тарыхындагы эң чоң кылмыш – Халифалыкты түгөтүү кылмышын ишке ашырган Камал Ататүрктөн өрнөк алууга эң ылайыктуу адам деп билет. Ал келишүү, таттуулук жана өнүгүү жөнүндө сүйлөсө да, мусулмандар өз Исламдарынан ооп, ушул малай жашынан баштап чөмүлгөн Батыш дүйнө карашына, маданияты жана турмуш таризине агылып кирип кетсе. Демек, «алдыңкы Исламий малекет» урааны олуттуу коркунуч булагы болуп, ар бир мусулман киши аны түшүнүп жетиши жана ар бир кудуреттүү мусулмандын ушул залим акимге каршы чыгышы талап кылынат. 2000-жылы 23-октябрь күнү ал: «Алтымыш жыл мурда, так ушул күнү, Лахордо биздин ата-бабаларыбыз Пакистан резолюциясын кабыл кылышкан эле. Алар келечектеги мамлекет тайпачылык жана тарапкечтиктен таза болгон, заманбап алдыңкы  Исламий мамлекет болушун элестетишкен. Өкүнүчтүүсү, алардын элестетүүлөрү ишке ашпады», - деди. 2001-жылы 2-октябрь күнү BBC менен болгон сүйлөшүүсүндө: «Көпчүлүк пакистандыктар мээлүүн көз караштагы мусулмандар  болгондуктан, экстремист диний агымдарга мамлекетте орун жок. Экстремизм мыйзам жана тартипти сактоого кооп туудурганы себептүү гана Пакистан аны жанчып таштоону көздөп турат. Бизде муну ишке ашыруу пландары бар», - деди. Пакистан тышкы иштер министри Абдусаттар Азиз 2002-жылы 9-январдагы басма сөз конференциясында: «Биз Пакистанды алдыңкы, мээлүүндүккө, эркиндик жана таттуулукка негизделген Исламий мамлекет катары элестеткен ата-бабаларыбыздын токтомдоруна кайтуудабыз», - деди. 2002-жылы 3-январь күнү Америка мамлекеттик катчысынын сүйлөөчүсү ушул туурасында мындай деди: «Пакистан таалим берүү системасын реформалап, диний фундаменталисттер таасирине чек коёру жөнүндө расмий билдирүү берди. Ушул себептен улам, биз ага жардам берүү алдында турабыз». Жана 2002-жылы 4-январь күнү: «… Экинчиден,

ал Пакистанды мээлүүнүрөөк агымга багыттандыруу боюнча стратегиялык токтом кабыл алды», - деди. Президент Мушарраф менен 2002-жылы 8-январь күнү өткөрүлгөн жолугушуудан кийин сенатор Мак Кейн ал терроризмди тамыры менен курутууга убада бергенин айтты, акыркы президенттик байгесинде вице-президентдикке талапкер болгон жөөт сенатор Жозеф Либерман болсо: «Первез Мушарраф куралдуу Исламий топторго каршы чара көрүүгө убада берди… о.э. ал өлкөнүн тарыхий өнүгүү багытын өзгөртө турган сөз сүйлөмөкчү», - деди.

Мушарраф өз сөзүндө элдин кыжырына тийбеш жана анын каршылыгына дуушар болбош үчүн, диний медреселер жөнүндө жеңил гана сүйлөп, аларга каршы көрүлмөкчү болгон катуу чаралар, мамлекеттик көзөмөл жана окуу программаларын өзгөртүү жөнүндөгү токтомдорго киришерден мурун, медреселерди жаманаттыга чыгарууга урунду. Мындан максат, Пакистанды Ислам дининен буруп, Батыш дүйнө карашы жана маданиятына карай кескин багыттандыруу. «… Кээ бир медреселер диний-саясий хизб жана жамааттардын таасири астына түшүп калган, кээ бирлери алар тарабынан уюштурулган. Алардын кээ бирлери терс пикирлерди өнүктүрүп, таттуулук, толеранттуулук жана боордоштукту бекемдөөнүн ордуна, жек көрүү, жийиркенүү жана зордукчулук пикирлерин таратууда… Ошол экстремисттер бизди жетелеп бара жаткан багыт жөнүндө суроо беришибиз керек - деп, кийин - Биз медреселер аткарууга мажбур болгон жаңы стратегияны т.а. жаңы окуу программаларын иштеп чыктык», - деп сөзүн улантты. «Биз медреселерге тиешелүү мыйзамдарды жаңыдан карап чыктык. Кайсыл бир медресе террорго же аскердик аракетке багыттандырса, же андан курал табылса, ал шек-күмөнсүз жабылат. Ушул жылдын акырына чейин бардык медреселер жаңы окуу программаларын кабыл алышы керек. Таалим берүү министрлиги бардык Исламий медресе жана окуу жайларындагы программаларды кайра көрүп чыгышы керек», - деди.

Исламий окуу жайлардын иш-аракеттерин кескин өзгөртүү сыяктуу, массалык райды калыптандыруудагы жана анын пландарына каршылык кылуудагы мечиттердин ордун эске алып, Мушарраф мечиттерге арналган өзгөртүүлөр жөнүндө да сүйлөп: «Биз мечит жана медреселерден өз жолунда пайдаланып кетүү абалдарын көзөмөлдөшүбүз керек, алар диний жана саясий тайпачылык калдыктарын таратышына жол бербешибиз ылазым. Биз таттуулук, келишүүчүлүк, жоопкерчилик жана тилектештик чөйрөсүн кубаттап, экстремизм, фундаментализм, зордукчулук жана террорго жол бербешибиз керек. Жакында бардык мечиттер тизмеге алынат, жаңылары болсо уруксатсыз курулбайт. Микрофон жана үн күчөткүчтөр болгону азан, жума хутбалары жана ваъздар үчүн гана иштетилет», - деди.

Ал өзүнүн расмий сөзүндө Америка айтып жаткан терроризмди кескин, эч бир экиленүүсүз каралады, беш жамаатка тыюу салынганын жарыя кылды о.э. Америка саясатына ылайык жана индустар талаптарына баш ийүү менен аларды ыраазы кыла тургандай кылып, Кашмир жамааттарына карата жаңы саясат кабыл кылганын айтты. Ушул жаңы саясаттын тексти жана руху – 1999-жылы Америка Навоз Шарифти пайдаланып бүтүп, Мушаррафты бийликке орноткондон бери – ал сүйлөп, жар салып келе жаткан нерселерге таптакыр тескери келет. Ал акыркы сөзүндө: «Кашмир бирер уюмдун терроризм менен алектениши үчүн актоо болбойт… Биз 11-сентябрь, 1-октябрь жана 13-декабрда уюштурулган террористтик аракеттерди каралайбыз. Кимде-ким терроризмге байланыштуу болсо, олуттуу жазага тартылат. О.э. катуу жаза-чаралар – мамлекет ичкериси же сыртакарысындагы терроризмге байланыштуулугу далилденсе – ар бир пакистандык адам, топ же уюмга каршы колдонулат. Мен башкалар ишине аралашууга чек коюуну талап кыламын… Экстремизм, терроризм жана тайпачылыкка чекит коюлушу керек. Пакистанда эч бир уюм өзүн лашкар, жайш же сипоз деп аташы мүмкүн эмес. Эгер бирер уюм же шахс адамдарды мамлекет ичкериси жана сырткарысында зордукчулукка үндөсө, ага каршы катуу жаза-чаралар колдонулат», - деди. Бул сөздөрү менен Мушарраф өзүнүн Америка буйруктарына моюн сунуп, индустар талабына баш ийип, аларды ыраазы кылууда канчалык терең кеткенин көрсөтүп турат.

Индия тапшырылышын талап кылган, жыйырма «террорист» киргизилген тизмеге келсек, Мушарраф өз «аброюн» сактап калуу мүмкүнчүлүгүн бере турган, ошол эле учурда индустарды да ыраазы кыла турган ыкмада жооп кайтарды: «Пакистандыктарды тапшыруу жөнүндө кеп болушу мүмкүн эмес… эгер алардын кылмышын далилдөөчү далилдер сунуш кылынса, биз аларды Пакистанда жергиликтүү мыйзам негизинде жазага тартабыз. Биздин жарандарыбыз болбогондорго болсо эч кандай башбаанек бербейбиз…».

Ошентип, Мушарраф Америка атамасындагы терроризмге каршы күрөш урааны астында, анын өзүнө, Америка жана Индияга кооп туудурушу мүмкүн болгон Кашмир жана башка жерлердеги бардык Исламий жаматтарга сокку берүү үчүн жарыя кылынган Американын экинчи кресттүүлүк согушун колдоп-кубаттады. Ал муну менен өзүнүн канчалык карасанатай экендигин көрсөтүп берди. О.э. ал Пакистанды илманийлештирүү жолунда бара жатат. Бул үчүн ал керектүү болгон токтом жана мыйзамдарды кабыл алып, аларды ишке ашырууда.

Мушаррафтын мынчалык даражадагы кыянатка барышы таң каларлык эмес, анткени кече эле ал бүткүл дүйнөдөгү Исламий Үммөт туйгуларын көзгө илбей, кекирейип кеткен Америка уюштурган биринчи христиандык кресттүүлүк согушунда аны менен союз түзгөн. Бүгүн болсо ал коркунучу

мурункусунан кем болбогон кыянатка кол уруп, Исламий Үммөттүн туйгуларына каршы ашыкча даражада каршы чыгууда. Эгер ал Пакистан мүмкүнчүлүктөрүн Афганистанга каршы уюштурулган Американын кресттүүлөр жүрүшүнө ачып берүү менен жасаган биринчи кылмышына жараша жазалаганда эле, Үммөт ызатын жаңыдан тебелөөгө батына албаган болор эле. Эми ал кылмышына ылайык жазадан кутулуп кеткенден кийин, өзү билемдик менен кыянат артынан жаңы кыянатка кол урууда. Мындай абал Исламий малекеттер акимдери үммөт акысына үлкөн кыянаттарды кылып, бирок, кылмыштары үчүн эч бир жазаланбай, зулум, кекирейүү жана менменсирөөдө атаандашып-жарышып жатканын эске салат.

Ошентип, экинчи кресттүүлүк согушу да – биринчисине караганда азыраак добуш менен болсо да – башталды. Ал мусулмандарга алып келе турган кыйроонун көлөмүн Алладан башка эч ким билбейт. Ал Афганистан жана анын калкы кыргынга дуушар болгон, он миңдеген бейкүнөө мусулмандар каны дарыя болуп аккан, Америка өз өкүмдарлыгын мамлекет үстүнөн толук орнотуп, ал жердеги мусулмандарды өз өкүмүнө моюн сундуруп, иштер тизгинин өз колуна алып, мамлекетти өлүм жарына ыргыткан биринчи согуш аяктаганда же аяктар алдында башталды. Биз Американын үчүнчү кресттүүлүк жүрүшү качан жана каерде болушун билбейбиз!!! Исламий үммөт кыргынга карай жетеленүүдө, бирок, ал өзүн-өзү коргой албай жатат. Бутунан-башына чейин куралданган мусулмандар кошууну болсо казармаларда – мусулмандарга каршы уюштурулуп жаткан кресттүүлүк согуштарында капырлар менен табакташ болгон – акимдердин буйругун күтүп жатышат.

**Эй азиз Үммөт!**

Эң ачуу мусибаттарыбыздын бири, капырлар үстүбүздөн өкүмдар болуп, иштер тизгини алардын колуна өтүп кеткени жана биздин колдон эч нерсе келбей, кайдыгер болуп калганыбыз. Капырлар биздин үстүбүзгө азиздикти Алладан эмес, алардын алдынан издеген эки жүздүү акимдерди коюп коюшту. Капырлар ал малайларын өз пайдасы жолунда каалаганда иштетип, каалаганда четтетишет. Ушул малайлар капырлар пайдасы үчүн өздөрүн курмандыкка чалып, бардык ыйык нерселерди тебелеп – аларды токтото турган сурак-тергөөлөр, тыйып коё турган жазалар жоктугу себептүү – үммөткө кол салууда.

Кашмир жана Индияны мушрик индустардан, Палестинаны жөөттөрдөн жана Исламий дүйнөнүн бардык бөлүктөрүн капырлар өкүмдарлыгынан азат кылуу – эң заманбап курал-жарак менен жетиштүү камсыздалган болсо да – куралдуу уюм жана жамааттар аркылуу ишке ашпайт. Анткени, мындай иштер мамлекет мойнундагы милдет болуп, жетиштүү даярдыкка байланыштуу. Өлкөлөрдү азат кылууда жалаң гана кыймылдарга сүйөнүү куфрду дагы да кутуруп чабуул кылууга жана дагы да көзөмөлүн

күчөтүүгө үндөйт. Ушуну менен бирге, ал акимдерибиздин катуу тергеле турган кыянатын, аалсыздыгы жана кайдыгерлигин жашырып калат. Шарият басып алынган жерлерди баскынчыдан азат кылууну важып кылган болсо да – мусулман өлкөлөрү акимдерине тиешелүү важып – кошуунду жерлерди азат кылуу үчүн аракетке келтирүүгө, азат кылууга же чектелген натыйжаларга чегараланып калуудан кайтарат. Капырга каршы күрөшүү жана согуш кылуу ар бир кудуреттүү мусулман мойнунан – бардык мусулмандар ынтызарлык менен күтүп турган, Ислам менен өкүм кыла турган – Хилафаи рошиданы тикелөө үчүн аракет алып баруу важыбын сакыт кылбайт.

Алла Таала айтат:

وَلَنْ يَجْعَلَ اللَّهُ لِلْكَافِرِينَ عَلَى الْمُؤْمِنِينَ سَبِيلاً ﴿١٤١﴾

– *«Жана Алла капырлар үчүн момундар үстүнө жол бербейт»,* [4:141]

فَمَنِ اعْتَدَى عَلَيْكُمْ فَاعْتَدُوا عَلَيْهِ بِمِثْلِ مَا اعْتَدَى عَلَيْكُمْ

[2:194]

Расулулла ﷺ айтты: **«... кимде-ким мойнунда байъаты болбогон абалда өлсө, жахилият өлүмү менен өлүптүр».**

6-зулкаъда 1422-х.
19-январь 2002-м.